**УДК: 785.1:166 (575.2)**

Турумбаева Ч.М. – КР Маданиятына эмгек сиңирген ишмери,

Б.Бейшеналиева атындагы КММИУнин илимий- иштер жана мамлекеттик тил боюнча проректору, доцент.

turumbaeva@gmail.com

0708715903

# «АСПАПТЫК МУЗЫКАДАГЫ КОҢУР ҮНДҮҮЛҮК»

Киришүү

Кыргыз элинин улуттук аспаптарынын бири – комуз. Аны кыргыз эли ыйык тутуп, баалай турганы баарыбызга маалым. Ар бир үйдө бирден комуз төрдө илинип турушу илгертеден салт катары кабылданып келген. Комуздун үнү мукам, коңур келип, көчмөн элдин кайгы муңун, сүйүнүчүн, жашоодогу максат – тилектерин, үч кылга салып, сайратып келишкен. Кайрыктары канча кылымдарды арыткан, улутубуздун рухий дөөлөтү.

“Абалтан комузга койдун ичегисинен жасалган кыл тагылып чертилгендикетен добуш бийиктиги коңур түстү (тембрди) берип, эреже катары салтка айланган” [ 1. 4].

Комуздун келип чыгышы жана аталышы

Комуздун коңур үнү тууралуу алгачкы комуз аспабын жасаган Камбар мергенчи жөнүндөгү уламышта мындайча айтылат.

“Камбар алгач комузду жасап, ага ылайыктуу ат таппай, табылса да өзүнө жакпай жүрдү бир нече күн. Мындай керемет нерсенин аты да керемет болуш керек эле, бирок бир күнү тоодо жүрүп, ойго келбегендей эле жөнөкөй комузкак чөбүн көрүп калды. Бул өзү кызык чөп. Көрүнүшү жупуну болгону менен, сындырып алып, эринге коюп үйлөсөң, коңур үн чыгарат. Элде муну комузкак деп коюшат. Баса, ушу комузкактын атын эле койсомбу? Комузкак...комуз...Чын эле аты комуз болсочу” [2.284-б].

“Манас” эпосунда ар бир аспаптын жасалышы гана эмес, аспаптардан добуш чыгаруу, ойноо ыкмаларынын өзгөчөлүктөрү кенен баяндалган:

«Өрүктөн комуз чаптырган,

Үкөктөп чарасын терең ойдурган.

Тепкесин тайкы койдурган,

Ичеги кылын тактырган,

Күүсүн уккан жактырган».

Ошондой эле, белгилүү манасчы Сагымбай Орозбаковдун айтымында:

“Карагай капкак жаптырган,

Комузчудан жүздү алдырган” – деп комуз аспабы сүрөттөлүп берилет.

Комуз чет элдиктердин кабыл алуусунда

“Кыргыздардын музыкалык өткөн тарыхы тууралуу алгачкы жазма маалыматтарда бир катар булактарда кездешет. 630-жылы кытайлык зыяратчы Сюань-Цзянь азыркы Кыргызстандын аймагын кыдырып жүрүп, анын келишинин урматына музыканын коштоосунда той уюштурулган, ал элдин сыйкырдуу, жанды, жүрөктү кубанткан музыкасын угуп, кубанганын белгилеген” [3. 395-б.].

XI кылымда жашаган перс жазуучусу Гардизинин эмгектеринде байыркы кыргыздардын музыкалык маданияты жөнүндө кызыктуу маалыматтарды берет. Ал белгилегендей, жыл сайын белгиленген күнү музыканттар виртуоздуу аспаптык оюн көрсөтүү үчүн чогулушкан, угуучулар баарынан мурда аткаруучунун музыкалык жана поэтикалык импровизациялык өнөрүн түшүнүшкөн жана жогору баалашкандыгы айтылат [4].

И. В. Горина өзүнүн макаласында кыргыз аспаптык аткаруучулугу тууралуу мындайча жазган: “Кыргыздардын аспаптык аткаруучулук чеберчилиги жогорку денгээлге жеткен. Аспаптык үч үндүүлүк кыргыз элдик музыкасынын эң чоң жетишкендиги” [5. 165-б.]. Демек, окумуштуу айткандай кыргыз аспаптык музыкасынан үч үндүүлүктү кеңири кезиктиребиз.

Белгилүү кеңири профилдеги музыка таануучу В. С. Виноградов, Атай Огомбаевдин көркөм образына, түзүлүшүнө, гармониясына ылайык, кең, ырдаган лирикалык обонду аткарганын угуп: “Ошол учурда менде музыкант-аналитиктин жалыны биротоло өчүп кетти. Мен музыканы шыктануу менен, жан аябастан, сулуулукка, жан-дүйнөмдүн жылуулугуна, кең, эркин аккан обондоруна кабылдым. Мен кыргыз музыкасына ашык болуп калдым” – деп,

жазганы бар [6. 12-б]. Музыка таануучудан, эмне себептен өмүрүнүн көп жылын кыргыз музыкасына арнагандыгын сураганда, ал андан ары оюн мындайча билдирген: “Атай жана анын өнөрү музыка илиминин тагдырында чечүүчү роль ойноп, кыргыз музыкасына, андан бүткүл Орто Азиянын, жалпы эле Чыгыштын музыкасына кызыгууну жаратты” – деп жооп берген [7. 12-б].

В. С. Виноградовдун эмгектеринде кыргыз элдик музыкасынын дээрлик бардык аспектилерин: анын образдык жана эмоционалдык мазмунун, ыр жана аспаптык жанрларды, музыкалык аспаптарды, элдик музыкалык формаларын, ладдык-интонациалык жана гармониялык айкалышы, метро-ритмикалык түзүлүшүн, формаларын, элдик музыканын ырдоо жана аспапта аткаруу өзгөчөлүктөрүн чагылдырат. Ал, А. В. Затаевич баштаган, кыргыз элдик музыкасынын антологиясын кыйла кеңейткен.

В. С. Виноградов республиканын маданиятынын тарыхында элдик музыка чеберлерининин баа жеткис ролун дайыма баса белгилеген: “Болгону алар – элдик ырчы-аткаруучулар (музыка таануучу аларды ушундай атайт) жана аспапчылар – илгерки салт-санаалардын алып жүрүүчүлөрү, азыр да ошондой. Мындан тышкары, профессионалдык музыкалык искусствонун мурда бул жерде белгисиз болгон жаңы заманбап формалары менен жанрларынын пайда болушу, негизинен алардын чыгармачылыгы менен так аныкталган өмүр берүүчү булак сыяктуу, композиторлордун фантазиясын азыктандырат”, - деп эсептейт [8. 14-б.].

Салттуу аспаптардын топко биригип ойноосу

XX кылымдын башталышы менен (1930-жылдары) оркестрдик аткаруучулук өнөрдүн пайда болуусу кыргыз элдик музыкалык маданиятынын өнүгүүсүндө орчундуу бурулуш жасады. Ал бурулуш кыргыз элдик аспаптар оркестрин уюштуруу менен байланышкан деп айтылып келгени менен, “Манас” эпосунда кыргыздардын музыкалык аспаптарда топторго биригип ойноосу тууралуу мындай деп берилет:

“Кош ооз кернейден,

Кол ичине үчтү алып.

Алтын ооз кернейди,

Арылдатып тарттырып...”

“...Алтымыш төрт сурнайчы,

Азыр болгон ошол кез.

Чыңылдак кылган камышы,

Беш таш жерге угулуп,

Безеленет дабышы...” деп “Айкөл Манас” дастанында айтылса [9. 26-б.].

Доолбас үнү бапылдап,

Кернай үнү такылдап,

Жезнай үнү чакылдап,

Чылмыр согуп шакылдап,

Доол уруп дүңгүрөп,

Сыбызгы үнү тызылдап,

Дап согулуп дапылдап,

Тойго какчу нагыра… деп, "Манас" дастанында айтылгандай, байыртадан эле элдик музыкалык аспаптардан оркестрлер тобу бар экендиги жана жер дүңгүрөткөн добуш менен душмандын сесин алууну көздөшкөнү тастыкталып турат. Байыркы аспаптар жердигинде сынбас, бүлүнбөс материалдардан жасалып, көчмөн жоокерчилик турмушка ылайыкташтырылган. Мисалы: уйдун, төөнүн терисинен катырган шириден доол, добулбастар жасалса, тоо текенин шаа мүйүзүнөн жезнай, кернайлар, жергиликтүү жыгач материалдарынан (карагай, арча, өрүк, шилби, камыш ж.б.) комуз, кыяк, сурнай, чоор, сыбызгылар даярдалып, ат үстүндө алып жүрүүгө ыңгайлаштырылган. Чоор, чопо чоорду кончуна жымырып, кернайды аркасына асынып, сурнайды моюнга илишкен. Добулбас, доол ээр кашынан орунтук тапса, комуз курга кыстарылып, чепкен ичине кастарланып катылган.

Кыргыз оркестринин түзүлүшү

Композитор, педагог, дирижер П.Ф.Шубин (1894-1948) 1936-жылы март, апрель айларында Кыргыз Мамлекеттик театрынын 14 кишиден турган эл аспаптар ансамблинин негизинде 22 музыкант - аткаруучудан турган улуттук эл аспаптар оркестрин түзөт. Ошол эле жылдын октябрь айында, эл аспаптар оркестринин курамы отуз бир музыкант - аткаруучуларга жеткен. Алгач эл аспаптар ансамблине атактуу Муратаалы баш болгон Калык Акиев,

Карамолдо Орозов, Молдобасан Мусулманкулов, Ыбырай Туманов, Алымкул Үсөнбаев, Осмонкул Бөлөбалаев, Атай Огонбаев, Муса Баетов, Актан Тыныбеков, Адамкалый Байбатыров, Шаршен Термечиков, Шекербек Шеркулов, Саид Бекмуратов, Өскөнбай Сейдалиев ж. б. кабыл алынат. Ошондой эле, К. Чодронов, М. Махмутова, Ж. Шералиев, М. Баетов, А. Огонбаев сыяктуу оркестрдин ырчыларын да өстүрүп чыгарат. Эл аспаптар оркестринин аспаптык түзүлүшүнүн негизи нукура элдик аспаптардан (комуз, кыл кыяк, чоор ж. б.) түзүлөт.

П. Шубин көп үндүү оркестрди уюштурууну, өз алдына негизги милдет катары коюп, ага болгон аракетин жумшаган. Ошон үчүн ал оркестрдин курамына европа үйлөмө аспаптарын киргизүүнү туура көргөн: флейта, гобой, кларнет жана фагот. Оркестрдин тембр жана гармония жагынан мүмкүнчүлүктөрү кеңейтилип, көркөм жагынан диапазону жакшыртылган. Чыгармалардын кээ бир эпизоддорунун мелодикалык кооздугу, таасирдүүлүгү бийик деңгээлге жеткен. Андан соң коллектив кыргыз гана музыкасын эмес, орусия жана европа классикалык чыгармаларын аткарганга мүмкүнчүлүктөрү пайда болду. Өзү уюштурган Кыргыз эл аспаптар оркестринин аткаруучулук сапаты жана аспаптарынын түзүлүшү боюнча, П. Ф. Шубин:

“Кыргыз оркестринин түзүмү башка улуттук оркестрлерден кескин айырмаланат. Анын үч негизги аспаптар тобу бар: жыгач үйлөмө – чоор (флейта), сурнай (гобой), жаачан – кыяк жана чертмек – комуз. Көпчүлүк башка оркестрлерде унисон басымдуулук кылат – биринчи аспаптан акыркы аспапка чейин обондор гана ойнолот”, - деп жазган [11.29 -б].

Кыргыз эл аспаптарды кайра жасап чыгуу аракеттери

Кыргыз эл аспаптар оркестринин аспаптык түзүлүшүнүн жаңыланышы (реконструкцияланышы) жана анын курамынын кеңейиши боюнча П. Шубин өзү менен санаалаш чыгарамачыл адамдарды таап, кыргыз элдик аспаптарынын кайра жасоо (реконструкция) маселесин баштайт. П. Шубиндин долбоору жана КирОбкомдун ВКП (б) жетекчиси Б. Исакеевдин жардамдашуусу менен кыяк, комуз жана чоордун жакшырып жаңылоосу боюнча эксперименталдык сунуштар башталат. Ошол сунуштар Москва шаарындагы музыкалык аспаптарынын фабрикасынын макулдугун алат, ошентип, аспаптардын реконструкциялоо иштери башталат. Бир аз убакыт өткөндөн кийин, комуздун 5 түрдүү биричи партиясы иштелип чыгат: пикколо, прима, альт, тенор, бас, жана кыяктын 4 түрү - прима, альт, бас, контрабас. Эл аспаптар оркестрине П.Шубин европа музыкалык аспаптарын

да киргизет – флейта, гобой, фагот, скрипканы. Бирок бул реконструкция иштери боюнча чыгармачылык жамаатта жана коомдо карама – каршы пикирлер айтылып, кыргыз музыкасы өзүнүн нукура колоритин (коңур үндүүлүгүн) жоготуу коркунучу бар экенин айтып, каршы чыккандар болгон. Бул боюнча композитор М.Абдараев жана Б.В.Феферман (композитор, дирижер) «Улуттук музыкалык аспаптар жөнүндө» аттуу макаласында мындай деп жазгандары бар:

«Азыркы кайрадан өздөштүрүлгөн комузду мурдакы аспапка салыштырууга мүмкүн эмес. «О ал комуз укмуш эле» - дешсе, дагы бирлери «Комуз улуттук үн чыгаруусун жоготкондуктан, ал улуттук аспап болбой калды» -дешет. Үчүнчүлөрү: «Кайрадан курулган кыяктын начар кыл кыяктан эмне айырмасы бар» - дешет [10.106].

Кыргыз эл аспаптарынын сапатын жакшыртуу максатында реконструкция жасоонун эң негизги маселелери: нота жазмасын жана музыкалык билимди өөрчүтүүнү кыргыз элинин калың катмарына жеткирүү; классикалык музыкалык мурастар менен таанышуу; советтик композиторлордун чыгармаларын аткаруу аркылуу пропагандалоо; элдик демократия өлкөлөрүнүн музыкалык маданияты менен болгон интернационалдык байланыштарды чыңдоо, кайрадан курулган музыкалык аспаптарды сериялык түрдө жасап чыгарып, элдин арасында музыкалык маданиятты көтөрүү: музыка боюнча сабактарды мектептерде окутуу, өздүк – көркөм чыгармачылык топтордун музыкалык чыгармаларды аткаруу жөндөмдүүлүгүн арттыруу; жаңы аспаптар кыргыз күүлөрүн аткаруудагы мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү сактоо; оркестрде жана ансамблдерде ойноодо аспаптык группаларды түзүү; классикалык жана заманбап музыкалык чыгармаларды аткаруу талаптарына жооп берүү болгон.

1952-1956 жылдарда эласпаптар оркестринин башкы дирижеру жана көркөм жетекчиси Б.В.Фефермандын жетекчилиги менен кыргыз эл аспаптарынын реконструкциянын экинчи этабы болуп, комуздардын түрлөрү жана тобу көбөйтүлүп: комуз-прима, комуз-секунда, комуз-альт, комуз-бас жана комуз-контрабастар болуп иштеп чыгарылган. Комуздун бардык беш түрү ладдар менен жабдылган. Аспаптарда кварта же балалайканын строю коюлган ().

Кыяктардын тобуна  да өзгөрүлөр болгон: кыяк-прима, кыяк-альт, кыяк-бас, кыяк-контрабас. Аларды оюлган эмес чаптатылган кылып даярдашкан. Үстүңкү деканы толугу жабык кылып карагайдан жасашты, ошондуктан добуштун үнү күчтүүрөк болуп чыкты. Кыяктардын диапазону

“ми” контроктавадан “до” төртүнчү октавага жетти. Реконструкцияга каршы чыккандар комуздарды “начар балалайка” деп, кыяктарга болсо “жүдөгөн скрипка” деген ат коюшкан [130, 76-90].

Жаңы изилдөөнүн муктаждыгы

П.Шубиндин, кийин Б.В.Фефермандын аракетинде реконструкция болгон комуз жана кыл кыяк аспаптары бүгүнкү күнгө чейин толук изилденип бүтпөй токтоп калган. Кыргыз эл аспаптар оркестриндеги комуздар негизинен коштоочу гана аспап катары колдонулуп, так даана тунук аккорддорду алуу мүмкүнчүлүгү чектелип калгандай. Мисалы, казактардын домрасын алсак, кандай гана чыгарма болбосун так, тунук үндү угууга болот, ага салыштырмалуу комузубуздун үнү нукура ата-бабаларыбыз чертип келген комуздун шыңгыр үнүнө окшобойт. Илгертеден бери залкар комузчуларыбыз кол ойнотуп келген комуз таптакыр башкача күүлөнөт. Ал абалкы касиети жоголуп, аны күүлөө принциптери балалайканын системасына келтирилген. Балалайканын күүлөнүүсү менен комуздун күүлөнүүсүн бир эрежеге баш ийдирүү албетте, туура эмес. Мунун өзү комуздун абалкы күүлөнүүсүн жокко чыгаруу. Анын кийинки «реконструкцияланган» калыбын пайдалануу одоно көрүнүш болуп саналат. Комуздун чыныгы күүлөнүшү эстен чыгууда. Абалкы нукура добуштун, ыргактын, күүнүн, чертүүнүн ыкмалары өзгөрүлүүдө.

Азыр оркестр улуттук бирден-бир көзгө басар болгон аспабыбызды мурдагы калыбына келтирүүгө аракет жасап жатканын акыйкатта, жакшы жөрөлгө катары баалоо керек. Албетте бул улуттук аспаптарыбызды түшунбөстүк, билбестиктен, ошол учурдагы өз кызыкчылыктан улам жогорудагыдай абалга туш келтирип алганыбыз белгилүү иш. Эми комузду адепки нукуралыгына жетүүнүн өзү да машакаттуу иш. Себеби, оркестрдин чыгармачыл ишин түп тамыры менен өзгөртүп, комузга мурдагыдай экинчи планда, же болбосо түс (фон) катары ойноп келген жосунун биринчи баскычка чыгаруу, бул чоң машакат болуп саналат. Ал үчүн улуттук аспаптарыбызды кайрадан изилдеп, илимий жактан тастыктап, жасап чыгуу үчүн мамлекеттин колдоосу, жогорку музыкалык окуу жайлардын алдында атайын илимий илзилдөө лабораториялык базалар түзүлүп, адистер тартылып келиниши керек.

Комузда кооз, мукам үн чыккандыктан анын жасалышы илимий көз карашка физика мыйзамы менен да байланышы бар. Ооба, комузчулар физика илими менен тааныш эмес. Бирок, көкүрөк тунук, баамдоолору жана

чеберчиликтери мына ушул илимге шайкеш келип турган. Муну бүгүнкү күндөгү иликтөөлөрдө даана байкалып отурат [?].

Кыл-кыяктын азыркы шарты

Ошондой эле кыл- кыяк аспабы да кыргыздын ата – бабадан берки салттуу коңур үнүн жоготуп, европанын скрипка аспапбынын негизинде жасалган, ошону менен бирге биздин улуттук эки кылдуу кыл- кыягыбыздын жоголуп, ойнолбой калуусуна өбөлгө түзүлүп, жер жерлерде республиканын бардык музыкалык окуу жайларында төрт кылдуу кыл- кыякты окутуу мүмкүнчүлүгү түзүлдү, себеби эл аспаптар оркестрине адистерди даярдоо максаты зор эле.

«Камбаркан» - кайра куруунуун жаңылыгы

Эгемендүүлүк алган жылдардан баштап, маданият чөйрөсүндө да бир топ өзгөрүүлөр болуп, элдик музыкалык аспаптарыбызды кайра жандандыруу, изилдөө иштери жүргүзүлө баштады. Музыкант аткаруучуларыбыздын элдик аспаптарды кайрадан калыбына келтирип, иштеп чыгып, эл алдында алып чыга баштады. Ошондой саамалыктардын бири өткөн доорлордо ойнолуп жүрүп тарыхый ар кандай кырдаалдын натыйжасында убактылуу колдонуудан чыгып, унутта калган элдик аспаптарыбызды кайрадан эске салы, изилдеп, уюткулуу журтчулугубуздун тээ ата- бабадан калган музыкалык өнөр тарыхын кайрадан жандандырып, узун элдин учугун, кыска элдин кыйрына жеткирип келген Ч.Исабаев атындагы «Камбаркан» фольклордук – этнографиялык ансамблинин түзүлүшү журтчулугубуздун көөдөнүндөгү көйгөйүн чечип, буулуккан бугун жазгандай, нукура кыргыздын коңур үндүүлүгүн таап, элге жеткирген чоң окуя болду.

Улуттук нукура аспаптардын жоголуп бара жаткандыгына байланыштуу кыргыздын улуттук нукура аспаптарынан турган ансамбль түзгүлө деген өкмөтүбүздүн талабы менен Кыргыз ССРине эмгек сиңирген артисти, улуу комузчу, аткаруучу Чалагыз Исабаев жана музыкалык жетекчи, адис Рысбек Жумакуновдун жетекчилиги алдында 1987 – жылы «Камбаркан» фольклордук - этнографиялык тобу уюштурулган.

Ансамблди түзүү оңой - олтоң иш болгон жок. Биринчиден: элдик унутта калган аспаптарды жана музыканттарды изилдеп табуу, экинчиден: аспаптарды жасаган усталарды табуу көптөгөн кыйынчылыктарды жаратты - дейт Р.Жумакунов.

Ансамблдин жетекчилери Кыргызстандын төгөрөгүн түгөл кыдырып жүрүшүп элдик аспаптарды, ошону менен бирге аларды жасаган усталарды табышты.

Телекөрсөтүү компаниясынын алтын фондусунда аспаптарды ( комуз, кыяк, чоор ж.б) ойногон элдик музыкантт- аткаруучулардын обон – күүлөрү жазылып сакталып келге. Аларды нотага түшүрүп, ансамбль үчүн иштеп чыгып, элге тартуулодо көптөгөн иштер жүргүзүлдү.

“Камбаркандын” негизги максаты: биринчиден, элибиздин унутулуп бара жаткан музыкалык аспаптарын жандандыруу, ошол аспаптарда аткарылган элдик кайрыктарды, обон- күүлөрдү элге  жеткирүү, таратуу болгон.

Коңур үн боюнча өнөрпоздордун пикирлери

Биздин коңур үн боюнча изилдөөлөрдүн негизиндеги суроолорго Ч.Исабаев атындагы “Камбаркан” фольклордук – этнографиялык ансамблинин башкы дирижеру, КР Эл артисти Р.Жумакуновдун оюна токтолсок:

“Негизи мурдагы биз “Камбаркан” ансамблин түзүп жаткан учурга салыштырмалуу,  акыркы жылдары комузчулук аткаруучулук өнөрү бир топ өнүгүү жолуна түштү. Кыргыз  комузда[1] ойногон комузчу аткаруучулар, анын ичинде жаш аткаруучулар 1980 -90- жылдары жокко эсе эле, себеби орто, жогорку окуу жайларда альт, прима комуздар окутулуп, кыргыз комузда ойногондордун аткаруу чеберчилиги солгундап калган. Ошол кезде ансамблге мыкты деген комузчуларды тандап алып, ансамблге кошконбуз.

Ал эми азыркы учурда мыкты комузчу аткаруучулар көп, өзгөчө жаштар арасында атаандаштык күч алып, комузчулардын деңгээли жогорулады. Алар кайсы позицияда болсо да, кандай ритмикалык жактан оор чыгармалар болсо да ойноп кете турганга мүмкүнчүлүктөрү жетет. Ошол себептен бизде комузчулар боюнча эч кыйынчылык жок, ал эми кыл – кыяк маселесинде мен колдон келишинче ичке кылына (ми ) теманы бербегенге аракет кылам, коңур үндүүлүктү сактоо максатында.  Башка оркестрдин дирижерлору үчүн жооп бере албайм, ар бир дирижердун өзүнүн түшүнүгү, өзгөчөлүгү бар”.

Бишкек шаардык мериясынын эл аспаптар оркестринин башкы дирижеру, КР Эл артисти Б.Тилегенов коңур үндүүлүк маселесинде мындай деп айтканы бар:

“Чындыгында эл аспаптар оркестринде комуздун негизги функциясы аккомпанемент ойноо болуп калган, бирок азыркы учурда комуздун мүмкүнчүлүктөрү кеңейип, өзгөчө кыргыз күүлөрүнүн негизги темасын ойногонго толук камдуу аткаруучулардын шарты бар. Ошондой болсо да, музыканттар мени жакшы түшүнөт, комуз аспабы толук камдуу изилденбей, үнү ачылбай келет. Көптөгөн музыкалык аспаптарды жасаган усталар менен иштештик, тилекке каршы, дагы да болсо комуздардын үн сапаты талапка жооп бербей келет. Бирок, кандай болсо да, акыркы жылдары усталар да, музыкант аткаруучулар да өз алдынча аракет кылып, комуздун үнүн жакшыртууга аракет жасап жатышат. Негизи  комуз менен кыл – кыяк аспаптары, мамлекет тарабынан көзөмөлго алынып, атайын лабраториялык, илимий изилдөөгө муктаж аспаптар болуп эсептелет. Үйлөмө аспаптарыбыз, урма аспаптарыбыз белгилүү музыкант – аткаруучу Нурланбек Нышанов тарабынан изилденип, жасалып калыптанып калды, деп айтсак жаңылышпайбыз. Комуз, кыл – кыяк аспаптарынын өзгөчөлүгү анын жумшак, коңур үнүндө эле да. Оркестрдик аткаруучулукта аспаптардын үндөрүнүн гармониялык түзүлүшү туура келиш, так даана чыгышы абзел. Эгер комуздарды төмөнкү регистрде ойното турган болсок, үндөр таптакыр жоголуп, угулбай калышы мүмкүн”.

Музыкалык аспаптарды жасаган уста Марат Берикбаев да өз оюу менен бөлүшүп, комуз аспабын жасоодо, көпчүлүк усталар өлүк жыгачтан жасашат, ошол себептен тунук, так үн чыкпай жаткандыгын белгилейт. Өлүк жыгач дегени – аспап жасай турган дарактарды кыш мезгилинде, дарактарга суу жүгурбөй калган учурда кыйса, дарактар тирүү деп эсептелет. Ал эми жаз, жай, күз мезгилдеринде кыйганга болбойт. Экинчиден, дарактын баары эле жарай бербейт, аны да карап жарай турганын тандап кыю керек экендигин билиш керек, - дейт. Ал эми өзү аспап жасай турган дарактарды кыярда өзүнчө бир аян аркылуу, өз жол жобосун жасап кыярын белгилеп кетти.

Коңур үндүүлүктү изилдөөдө,  комузчулук аткаруучулук өнөрүнүн чебери, көптөгөн республикалык комузчулар кароо – сынагынын жеңүүчүсү, Дүйнөлүк Көчмөндөр Оюнундары 2016, 2018деги  комузчулардын сап башында турган, устаттык өнөрү менен аткаруучулукту эриш – аркак алып жүргөн, ошондой эле, күү өнөрүндөгү жаратуучулардын учугун улаган, Камбарканчылардын катарын толкуктаган Рысбек Жунушовдун өзгөчөлүгүнө токтолсок болот. Комуз аспабынын мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү максатында, комуз өнөрүнүн тарыхында алгачкы 4 кылдуу комузду А.Огонбаев жасаган деген маалымат бар.

## Корутунду

Кыргыздын салттуу аспаптары - комуз жана кыл-кыяк - жандуу, аталар жараткан тариздерге окшош же жакын болуп, оркестрдин алкагында коңур үндүүлүгүн жоготпош үчүн бир нече шарттар этибарга алынышы зарыл.

Кыргыз элинин жан дүйнөсү менен бирге болгон аспаптары өзүнө аяр мамилени, аспап жасала элек кезинде эле талап кылган, өзгөчө бир касиетке ээ дарактардан жасала тургандыгын дагы бир жолу тастыктап, биз жомок сыяктуу кабыл алып келген уламыштардын чындыгы бар экенин далилдеп тургандай.

Комуз, кыл – кыяк аспаптарынын өзгөчө коңур үндүү, назик, жумшак, тунук үндүүлүгүн табуу үчүн, илимий- изилдөөлөргө муктаждыгы бар экенин убакыт өзү тастыктап турат.

---

1.Убагында альт, прима комзда ойногондорду лад комузчулар, ал эми элдик комузда ойногондорду кыргыз комузда ойногондор, -деп айтылчу

## АДАБИЯТТАР


1. Ч.Исабаев. Комуздун тандалма күүлөрү, [Текст], Ф., 1987, 4 – бет.
2. Асан Кайбылда уулу. Күү баяны, [Текст], Б.2000.,284-б.
3. Киргизская Советская Социалистическая Республика: Энциклопедия / Гл. ред. Б. О. Орусбаева. – Фрунзе, 1982. – 496 б.
4. Википедия. Кыргызская народная музыка http://www.welcome.kg/ru/kyrgyzstan/culture/sxxxx/
5. История музыкального фольклора кыргызского народа, макала, Вестник КРСУ. 2008. Том 8. № 7 165-б.
6. Виноградов В. Киргизские народные музыканты и певцы. – М., 1972. – с. 12.
7. Виноградов В. Киргизские народные музыканты и певцы. – М., 1972. – с. 12.
8. 7. Виноградов В. Киргизские народные музыканты и певцы. – М., 1972. – с. 14.
9. Касей К. Кыргыз элдик аспаптык аткаруучулук өнөрүнүн тарыхы. Б. – 2015. – 406 б.

10. К. Орозов атындагы кыргыз эл аспаптар оркестринин тарыхы жана калыптануусу. Ч.Турумбаева, Макалалар жыйнагы/ редактор В. Роман. – Б.: 2016. – 222 б. 106-б.
11. К. Орозов атындагы кыргыз эл аспаптар оркестринин тарыхы жана калыптануусу. Ч.Турумбаева, Макалалар жыйнагы/ редактор В. Роман. – Б.: 2016. – 222 б., 29-б.
12. К. Орозов атындагы кыргыз эл аспаптар оркестринин тарыхы жана калыптануусу. Ч.Турумбаева, Макалалар жыйнагы/ редактор В. Роман. – Б.: 2016. – 222 б., -б.
13. Википедия. https://www.wikiwand.com/ky/
14. https://ky.wikipedia.org/wiki